DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



*Кадырбекова Ч.К.*

# КЫРГЫЗСТАНДЫН ТУРАК ЖАЙ-КОММУНАЛДЫК ЧАРБАСЫНЫН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН НЕГИЗГИ БАГЫТТАРЫН ТАЛДОО ЖАНА АЛАРДЫ ӨНҮКТҮРҮҮНҮН ЖОЛДОРУ

*Кадырбекова Ч.К*

# АНАЛИЗ ОСНОВНЫХ НАПРАВЛЕНИЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ ЖИЛИЩНО-КОММУНАЛЬНОГО ХОЗЯЙСТВА КЫРГЫЗСТАНА И ПУТИ ИХ РАЗВИТИЯ

*Ch.K. Kadyrbekova*

# ANALYSIS OF THE MAIN ACTIVITIES OF THE HOUSING AND COMMUNAL SERVICES OF KYRGYZSTAN AND THE WAYS OF THEIR DEVELOPMENT

*УДК: 338.465*

*Макаланын максаты аймактык экономиканын маанилүү тармактарынын бири болгон турак жай-коммуналдык чарбанын ишмердүүлүгүнө талдоо жүргүзүп, бул чөйрөдө орун алган тенденцияларды аныктоо жана алардын негизинде чарбаны өнүктүрүүнүн жолдорун сунуштоо саналат. Ишмердүүлүктүн негизги түрлөрү болгон суу, газ, электр энергиясы, жылуулук менен камсыздоо жана чыгындылардан арылуу маселелери кеңири түрдө каралды жана бул кызматтардын жашоочулар тарабынан бааланиуусунун деңгээли үйрөнүлдү. Макалада изилденген турак жай коммуналдык чарбасы тарабынан көрсөтүлүп жаткан жогоруда аталган кызматтардын калктын бардык катмары үчүн жеткиликтүүлүгүнүн камсыз болуу даражасына талданып, тиешелүү жыйынтыктар чыгарылганды. Изилдөөнүн жана жашоочуларды сурамжылоонун негизинде аныкталган тармакта орун алган көйгөйлөргө уюштуруучулук-экономикалык негизде баа берилди. Акыркы убактарда турак жай коммуналдык чарбасынын объекттеринин ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугунун кескин кыскаруусунун, тармактын апааттык абалга капталуусунун себептери аныкталды.*

***Негизги сөздөр:** турак жай коммуналдык чарбасы, кызмат көрсөтүүлөр, камсыздоо, жашоо деңгээли, жашоочулар, кызмат акы, чыгымдар, тарифтик саясат.*

*Целю статьи является предложение путей развития жилищно-коммунального хозяйства на основе тенденций, имеющих место в данной сфере и определенных на основе анализа основных видов деятельности ЖКХ как одной из важных отраслей региональной экономики. В расширенном виде рассмотрены вопросы обеспечения водой, газом, электроэнергией, отоплением и вывоза твердых бытовых отходов и изучен уровень их оценивания жителями. Была проанализирована степень доступности вышеназванных оказываемых услуг жилищно-коммунального хозяйства всем слоям населения. Дана оценка проблемам, имеющим место в данной сфере и обнаруженные в ходе исследования и опроса жителей на организационно-экономической основе. Выявлены причины резкого спада за последние годы эффективности деятельности объектов жилищно-коммунального хозяйства, кризисного ее состояния.*

***Ключевые слова:** жилищно-коммунальное хозяйство, оказание услуг, обеспечение, уровень жизни, жители, оплата за услуги, расходы, тарифная политика.*

*The aim of the article is to suggest ways of developing housing and communal services based on trends in this area and determined on the basis of an analysis of the main activities of housing and communal services as one of the important sectors of the regional economy. Issues of water, gas, electricity, heating and solid waste disposal are considered in an expanded form and the level of their assessment by residents is studied. The degree of accessibility of the above-mentioned services of housing and communal services to all segments of the population was analyzed.The assessment of the problems taking place in this area and discovered in the course of research and interviews of residents on an organizational and economic basis. Revealed the reasons for the sharp decline in recent years in the efficiency of the objects of housing and communal services, its crisis state.*

***Key words:** housing and communal services, provision of services, provision, standard of living, residents, payment for services, costs, tariff policy.*

Турак жай-коммуналдык чарба ишканаларынын ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугу калктын жана ишкана-уюмдардын негизги коммуналдык кызматтар менен камсыздалуу деңгээли менен аныкталат. Кыргыз Республикасынын 2020-жылдын башына республиканын туруктуу калкынын саны 6,5 млн. адамды түзүп, калктын үчтөн бир бөлүгү (34%) 31 шаарда жана 9 шаар тибиндеги конуштарда жашашат, ал эми үчтөн бир бөлүгү 1941 айылды камтыган 453 айыл

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



аймактарында жашайт. Шаар калкынын 60% жакыны Бишкек жана Ош шаарларында жашашат.

Ушул эле мезгилге турак жай фондунун жалпы аянты 85 млн.к чарчы метрди түзүп, 2015-жылга салыштырмалуу 8,3% көбөйгөн. Мында жарандардын жеке менчигинин үлүшү 97% жеткен.

Кыргыз Республикасында бекитилген санитардык норма боюнча бир адамга туура келген турак жай аянты 12,0 чарчы метрден кем эмес болушу керек. БУУнун турак жайдын жеткиликтүүлүгү индекси көрсөткүчтөрү боюнча Кыргызстан коңшу өлкөлөрдөн бир топ артта.

Республикада 2010-жылдан 2019-жылга чейинки калктын жашоо шарттары көрсөткүчтөрүнүн өзгөрүү динамикасы 1-таблицага түшүрүлдү.

*1-таблица*

**Кыргыз Республикасынын калкынын турак жай шарттары [1]**

| | 2010 | 2017 | 2018 | 2019 | 2019-ж. 2010-ж. % менен |
|---|---|---|---|---|---|
| Калкты турак жай менен орточо камсыздуулугу, бир тургунга жалпы аянттын 1 чарчы метри - бардыгы | 15,7 | 13,2 | 13,1 | 13 | 82,8 |
| анын ичинен: | | | | | |
| шаар жерлери | 23,2 | 14,2 | 14,1 | 13,8 | 59,5 |
| айыл жерлери | 11,9 | 12,6 | 12,5 | 12,6 | 105,9 |
| Төмөнкүлөр менен жабдылган бардык турак жай фондунун жалпы аянтынын салыштырма салмагы, %: | | | | | |
| суу түтүктөрү менен | 33,7 | 36,9 | 36 | 36,3 | 107,7 |
| газ менен | 30,8 | 25,7 | 24,7 | 24,7 | 80,2 |
| канализация менен | 26,8 | 27,1 | 25,8 | 26,9 | 100,4 |
| ысык суу менен жабдуусу менен | 3,7 | 4,3 | 4,4 | 7,1 | 191,9 |
| борбордук жылуулук менен | 14,8 | 14,7 | 13,6 | 14,8 | 100,0 |
| ванна (душ) менен | 15,4 | 16,3 | 15 | 15,6 | 101,3 |

***Булагы:*** автор тарабынан КР Улуттук статистика комитетинин маалыматтарынын негизинде түзүлдү.

Таблицадан көрүнүп тургандай, каралып жаткан мезгил аралыгында турак жай менен орточо камсыздалуу көрсөткүчү республика боюнча 17,2%га, ал эми шаар жерлеринде 40,5%га азайган. Турак жайларды газ менен камсыз кылуу да кыскаруу тенденциясын көрсөтүп турат. Ысык суу менен жабдуу дээрлик 2 эсе, суу түтүктөрү менен жабдуу 7,7% көбөйсө, калган шарттар (канализация, борбордук жылытуу көрсөткүчтөрү) өзгөргөн эмес.

Мамлекеттин жеткиликтүү турак-жай менен камсыз кылуу саясатынын алкагында 2015-жылы Мамлекеттик ипотекалык компания (МИК) түзүлүп, 2016-жылдан тартып жылдык пайыз ставкасы 12-14 ден 6-8%га түшүрүлгөн, мамлекеттик ипотекалык насыя берүү шарттары жакшырган. Аталган компания өз ишин баштагандан тартып 5,4 млрд сомдук 4 700 насыя берген.

Калктын жашоо шарттарынын негизги көрсөткүчтөрү болгон бир бөлмөгө туура келген адам саны, ичилүүчү суу менен камсыздалуу, санитардык-гигиеналык шарттардын жеткиликтүүлүгү ж.б.у.с. өзгөрүү динамикасы 2-таблицага түшүрүлдү.

*2-таблица*

**Кыргыз Республикасынын калкынын жашоо шарттары көрсөткүчтөрү боюнча маалыматтар [1]**

| | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | Өсүү темпи |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бир бөлмөгө жашоочулардын саны, ашкана менен ваннадан тышкары, адам | 1,28 | 1,28 | 1,28 | 1,28 | 1,12 | 1,11 | 82,7 |
| Ичилүүчү суунун коопсуз булактары жеткиликтүү болгон калктын үлүшү, % | 88,9 | 89,1 | 89,9 | 91,1 | 91,8 | 94,1 | 100,9 |
| Суу түтүктөрүн пайдаланган калктын үлүшү, % | 25,2 | 26,2 | 27,2 | 29,1 | 30,6 | 31,4 | 122,1 |

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Суу колонкаларын пайдаланган калктын үлүшү, % | 58,7 | 57,6 | 57,3 | 55,4 | 56,0 | 58,5 | 97,2 |
| Кудуктарды пайдаланган калктын үлүшү, % | 5,1 | 5,3 | 5,5 | 6,6 | 5,2 | 4,2 | 56,9 |
| Булактарды пайдаланган калктын үлүшү, % | 2,2 | 1,9 | 2,8 | 2,3 | 2,2 | 0,7 | 103,3 |
| Арыктарды пайдаланган калктын үлүшү, % | 8,9 | 9,0 | 7,3 | 6,6 | 6,0 | 5,2 | 86,0 |
| Санитардык-гигиеналык шарттар жеткиликтүү болгонк калктын үлүшү | 28,1 | 28,6 | 30,2 | 31,3 | 31,5 | 31,5 | 117,0 |

***Булагы:*** КР Улуттук статистика комитетинин маалыматтарынын негизинде түзүлдү

Ушул эле мезгилге турак жай фондунун жалпы аянты 83,5 млн кв. метр болгон, бул 2014-жылга салыштырмалуу - 13%, 2017-жылга салыштырмалуу - 1,3% көп, анын ичинен айыл турак жай фондунун үлүшү 2018-жылы 2017-жылга караганда - 1,1%, шаардык турак жай фондунун үлүшү - 1,8 пайызга көбөйгөн.

Турак жай фондунун түзүмүндө менчиктин формасы боюнча жеке сектордун үлушү басымдуулук кылат (дээрлик 99%) (3-табл.).

*3-таблица*

**Кыргыз Республикасынын турак жай фондунун түзүмү**

*(жыйынтыкка карата % менен) [1]*

| | Бардыгы | | Шаарчалар | | Айыл жергеси | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **2014** | **2018** | **2014** | **2018** | **2014** | **2018** |
| **Турак жай фонду - бардыгы** | **100** | **100** | **100** | **100** | **100** | **100** |
| анын ичинде: | | | | | | |
| мамлекеттик турак жай фонду | 1,6 | 1,8 | 3,3 | 2,8 | 0,6 | 1,2 |
| жалпы турак жай фонду | 0,2 | 0,0 | 0,1 | 0,1 | 0,1 | 0,0 |
| турак жай-курулуш кооперативдер фонду | 0,0 | 0,0 | 0,0 | - | 0,0 | 0,0 |
| жеке турак жай фонду | 98,2 | 98,2 | 96,6 | 97,1 | 99,3 | 98,8 |

***Булагы:*** КР Улуттук статистика комитетинин маалыматтарынын негизинде түзүлдү.

Республика боюнча турак жай менен камсыздалуу киши башына 2014-жылы - 12,5 чарчы метр болсо, 2018-жылы - 13,1 чарчы метрге жеткен, анын ичинене шаарларда 14,6 чарчы метрден 14,1 чарчы метрге кыскарып, ал эми айыл жерлеринде, тескерисинче, 11,5 чарчы метрден 12,5 чарчы метрге көбөйгөн.

Каралып жаткан мезгил аралыгында турак жай фондунун айрым түрлөрү менен камсыздалуу көрсөткүчү төмөндөгөн. Алсак, суу түтүктөрү менен камсыздоо 2018-жылы 2014-жылга салыштырмалуу 1,8%, канализация - 2,5%, ысык суу - 0,9%, борбордук жылытуу - 0,4%, газ - 1,4%, ал эми ванна (душ) - 2,9% азайган.

Турак жайдын шарттары анда жашаган үй чарбаларынын жашоосунун сапаты жана цивилизациянын негизги жетишкендиктерин пайдаланууу мүмкүндүгүн берген инфраструктуранын болушу менен мүнөздөлөт. Мында шаар жана айыл жерлеринде олуттуу айырмачылыктар бар экендигин белгилей кетүү зарыл.

2018-жылы борбордук жылытуу системасы менен шаардык үй чарбаларынын 32,0%, ал эми айылдык үй чарбаларынын 0,4% гана камсыз болгон. Бул

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 12, 2020

калкты борбоштурулган жылуулукту камсыз кылуу менен байланышкан кызматтын шаарларга гана мүнөздүү экенин билдирет.

Газ түтүктөрүнүн жеткиликтүүлүгү 2018-жылы 19,9% түзгөн. Айыл желеринде газ менен камсыздоо көрсөткүчү абдан төмөн. Ошондуктан 2019-жылы шаар четиндеги жерлерди жана айыл жерлерин газга улоо иши активдүү жүргүзүлгөн.

2019-жылы калктын 99,3% мобилдик тармактарга тартылган жерлерде жашап, калктын 85% жогорку тилкелүү Интернет (4G) жеткиликтүү болгон.

Борборлоштурулган суу менен камсыздоо системасына үй чарбаларынын 30,6% кошулган, бул көрсөткүч шаар жерлеринде 79,6% түзөт.

Коомдук транспорттук жеткиликтүүлүгү көрсөткүчү 2018-жылы 48,5% түзгөн (шаарларда 66%, айылдарда 38%).

Үй чарбаларын бирдиктүү тандалма изилдөөнүн жыйынтыктары көрсөткөндөй, шаар калкынын 62,3% борборлоштурулган сууну, айыл калкынын 67,8% суу колонкаларын колдонушат (4-таблица).

*4-таблица*


**Үй чарбаларын суу менен камсыздоо булактары 2018-жылдын аягына карата** *(пайыз менен)*

| | Борборлоштурулган суу түтүгү | Суу колонкалары | Кудук | Булак | Арык |
|---|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы** | **30,6** | **56,0** | **5,2** | **2,2** | **6,0** |
| шаарчаларда | 62,3 | 34,4 | 2,6 | 0,1 | 0,6 |
| айыл жергесинде | 13,3 | 67,8 | 6,7 | 3,3 | 9,0 |

***Булагы:*** Үй чарбаларын бирдиктүү тандалма изилдөөнүн маалыматтары.

Таштандыларды ташып чыгаруу жолдору коммуналдык чарба кызматы тарабынан чечилет. Шаар жерлериндеги үй чарбалардын 81,1% ында таштанды контейнерлери колдонулса, 14,5% таштандылар үймөгүнө ташташат. Айылдарда болсо үй чарбаларынын 41% таштандыларды өрттөө жолу менен, 24% таштанды үймөктөрүнө таштоо жолу менен алардан арылышат. Жалпы республика боюнча үй чарбаларынын таштандылардан арылуу жолдору диаграммада берилди (1-сүрөт).

Биздин оюбузча ТЖКЧ тарабынан көрсөтүлгөн кызматтардын керектөөчүлөрү - жарандар тарабынан бааланышы кызыгууну жаратат. Чечимдерди кабыл алуу процессинде биринчиден, жарандар кайсы кызматтарды эн маанилүү деп эсептешери, экинчиден, кайсы кызматтар канааттандырарлык деп көрсөтүлөөрү эске алынышы керек. Бул жаатта жүргүзүлгөн сурамжылоонун жыйынтыгы биринчи орунда суу менен камсыздоо жана канализация, экинчи орунда таштандыларды чыгарып кетүү турарын көрсөткөн (2-сүрөт).




**1-сүрөт.** 2019-жылы үй чарбаларынын таштандылардан арылуу жолдору *(пайыз менен).*

***Булагы:*** Үй чарбаларын бирдиктүү тандалма изилдөөнүн маалыматтары.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45






**2-сүрөт.** Кызматтын маанилүүлүк рейтинги менен жарандардын ал кызматка канааттанбагандык деңгээлин салыштыруу, 2019-ж.

***Булагы:*** автор тарабынан түзүлдү.

Калктын салыштырмалуу маанилүү деп эсептелген суу менен камсыздоо, таштандыларды чыгарып кетүү, жолдорду эксплуатациялоо, жашылдандыруу кызматтарына канааттанбагандык көрсөткүчтөрү жогору экендиги көрүнүп турат. Мындан улам ТЖКЧ ишканалары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жарандардын саламаттыгынын жана коопсуздугунун өзөгүн түзгөн бул кызматтарга өзгөчө көңүл бурушу керек.

Жалпылап айтканда, ТЖКЧ калктын жашоосунун сапатын, тиричилик маданиятын жана жашоо образын калыптандырат, аймактардын социалдык-экономикалык потенциалын, инвестициялык жагымдуулугун аныктайт. Көп тармактык түзүлүшүнө карабастан ТЖКЧ бүтүн система катары адамдардын нормалдуу жашоо-тиричилигин, аймактын социалдык жана өндүрүштүк инфраструктурасын камсыздайт. ТЖКЧ жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын материалдык негизин түзүп, алардын социалдык жоопкерчилигинин эн маанилүү чөйрөсү болуп саналат [3, 4-б].

Акыркы жылдарда ТЖКЧ объектилерин кармоого жана оңдоп-түзөөдөн өткөрүүгө каражаттардын жоктугу, каражаттарды түзүүнүн жана пайдалануунун рационалдуу эмес механизмдери, башкаруу түзүмдөрүнүн тез-тез жана негизсиз өзгөртүлүшү ТЖКЧ объектилеринин аракеттенишинин натыйжалуулугунун кескин кыскарышына алып келди. Тармакта авариялык кырдаалдар көбөйүүдө. ТЖКЧны каржылоонун таңкыстыгы кызмат көрсөтүүнүн бул чөйрөсүн укуктук-ченемдик камсыздоодогу көйгөйлөр менен коштолууда. Тармактын кризиси төмөнкү себептер менен шартталган: начар техникалык база; кубаттуулуктардын жетишсиздиги; өнүгүүгө жана утурумдук кармоого керектүү каражаттардын жоктугу ж.б. Алардын өзөгүн коммуналдык кызматтар үчүн тарфитерди аныктоонун жана төлөмдөрдү жыйноонун социалдык багыттуу экономикага туура келбеген жана натыйжасыз механизми, ТЖКЧ өнүктүрүүгө ресурстардын колдонулушун көзөмөлдөө жана төлөмдөр системасы түзөт.

Турак жай-коммуналдык чөйрөнүн эң курч көйгөйлөрүнүн бири болуп жарандардын жеңилдик берилген категорияларынын абдан көптүгү саналат. Мыйзам аларды аталган кызматтарды төлөөдөн толугу менен же жарым-жартылай бошотот, ал эми аларга туура келген чыгымдарды эч ким жаппайт.

Региондордун өзгөчөлүктөрү административдик, укуктук-ченемдик, климаттык, технологиялык айырмачылыктар менен шартталган. Бул айырмачылыктар тармакты каржылоо шарттары, турак жай-коммуналдык тармагын каржылоо шарттары, ТЖКЧ объектилерине менчик мамилелери, бул чөйрөдөгү социалдык, тарифтик саясат менен байланышкан [4, 124-б].

Жогорудагылардын негизинде төмөнкүдөй тыянактарды чыгарууга болот:

– экономиканын көп тармактуу чөйрөсү болгон турак жай-коммуналдык чарбасы бүгүнкү күндө кризистик абалга жакын турат, мында коммунал-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



дык чарбанын ар кайсы секторлорунун көйгөйлөрүнүн спецификасы бири-биринен бир топ айырмаланат;

– турак жай-коммуналдык комплексинин ишканаларынын калыптануу жана өнүгүү көйгөлөрүнүн татаалдыгы ТЖКЧны өнүктүрүү максатын көздөп реформалоо жаатындагы кеңири масштабдагы мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу зарылдыгын шарттайт.

Жыйынтыктап айтканда, турак жай-коммуналдык чарбасы социалдык мааниси жогору, өзгөчө спецификалуу, татаал экономикалык комплекс; республиканын эл чарбасынын бул тармагы бүгүнкү күндө натыйжалуу рыноктук реформаларга муктаж, тармактын ишканаларын өнүктүрүү үчүн бийлик органдарынын, жеке бизнес менен керектөөчүлөрдүн аракеттерин бириктирүү зарыл; ТЖКЧ чөйрөсүнүн учурдагы абалы көп сандаган факторлордун натыйжасында калыптанган, ошондуктан топтолуп калган көйгөйлөрдүн комплексин чечүү үчүн региондордун өзгөчөлүктөрүн, тармакта атандаштыкты өнүктүрүү зарылдыгын эске алган иш-чаралардын татаал комплекстүү мамлекеттик программасын иштеп чыгуу талап кылынат.

**Адабияттар:**


1. Кыргызстан цифраларда. Статистикалык жыйнак. - Бишкек, 2020.
2. Национальная стратегия развития Кыргызской Республики на 2018-2040 годы. - Бишкек, 2019
3. Ташкулова Г.К., Кадырбекова Ч.К. Об основных направлениях государственного регулирования малого бизнеса в жилищно-коммунальной сфере. Научно-практический журнал “Экономика и управление: проблемы и решения”. - Москва, 2019, ООО “ИД Научная библиотека”.
4. Черняк В.З. Жилищно-коммунальное хозяйство: развитие, управление, экономика: учеб. пособ. / В.З. Черняк. - М.: КНОРУС, 2007. - 392 с.